**Колдонулган адабияттар:**
1.Алагушов Б, Медетов Т. Карамолдонун күүлөрү.Ф,1978.Бет-16.
2.Виноградов В. Киргизские народные музыканты и певцы.М,1972.стр.68
3.Дюшалиев К. Импровизация в традиционной музыке. В кн: Традиционная музыка: теория и методика. Бишкек, 2012. С.107.
4.Дюшалиев К. Салттык музыка: теориясы жана усулдары. Б, 2012 40-бет
5.Рошина Л. Комментарии к импровизации. К кн: Французская клавесинная музыка для фортепиано. М, 1974.
6.Ямпольский И. Импровизация. В кн: Музыкальная энциклопедия. Т.2,М., 1974. С. 508-5-9.
7.Импровизация. К кн: БСЭ. Т.17, М., с. 596-597

УДК:787(575.2)
DOI 10.33514/1694-7851-2022-2-288-291

**Маматова Г. К.**
И. Арабаев атындагы КМУ, музыка кафедрасы, профессор
**Маматова Г. К.**
КГУ им. И. Арабаева, кафедра музыки, профессор
**Mamatova G. K.**
KSU I. Arabaev, Department of Music, professor

# КОМУЗЧУЛУК АСЫЛДЫК ЖОЛДУ УЛАНТУУЧУ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАДАНИЯТЫНА ЭМГЕК СИҢИРГЕН ИШМЕР КАЛЫБЕК ЖЕКШЕНОВ
# ДОСТОЙНЫЙ НАСЛЕДНИК КОРИФЕЕВ КЫРГЫЗСКИХ КОМУЗИСТОВ КАЛЫБЕК ЖЕКШЕНОВ
# WORTHY HEIR TO THE LUMINARIES OF KOMUZ ART OF KALYBEK ZHEKSHENOV

**Аннотация:** Бул илимий макалада Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, комузчу, этнопедагог Калыбек Жекшеновдун комузчулук асылдык жолдо салымы, улантуучулук өзгөчөлүгү, көп жылдык иш тажрыйбасында усулдук табылгалары; комуз чертүүнү үйрөтүү, күүнү нотага түшүрүү, ансамблдик аткаруучулук сырлар, педагогикалык ишмердүүлүгү айтылат.

**Аннотация:** В этой статье рассматривается многолетний педагогический путь Заслуженного деятеля културы Кыргызской Республики , комузиста Калыбека Жекшенова. Он является одним из видных педагогов, который на протяжении всей своей педагогической деятельности передавал свой опыт молодому поколению в овладении искусства игры для комуза. К. Жекшенов очень много сделал в области расшивровки кюу и переложил на ноты - в помощь исполнителям ансамблевой игры на комузе. Так же в статье затрагивается этнографическая деятельность Калыбека Жекшенова.

**Annotation:** The article considers the long –term pedagogical path of the Honored Worker of Culture of the Kyrgyz Republic, a komuzist with the capital letter Kalybek Zhekshenov.
He is one of the prominent teachers who throughout his teaching activities passed on his experience to the younger generation in possessing the art of playing the komyz. Kalybek Zhekshenov did a lot

in the field of decoding kyu end shifted it to notes – to help the performers of the ensemble game for komyz. The article also touches on the ethnographic activites of Kalybek Zhekshenov.

1. Калыбек Жекшеновдун массалык – маалымат каражаттарында эң алгачкылардан болуп комуз чертүү сабагын телевидениеден көрсөтүү
2. Күүлөрдүн нотасын түшүрүү ; шакирттерге нота аркылуу, түп нуска менен салыштырып, угуу сезимин өркүндөтүү
3. Ансамблдик аткаруучулук салымы
4. Педагогикалык жана этнопедагогикалык ишмердүүлүгү

Жекшенов Калыбек - комузду жалпы массага жайылтууда жана кийинки урпактарга таанытууда өлбөс из калтырды. Алгач Мукаш Абдраев атындагы балдар музыкалык мектебинде, андан кийин И. Арабаев атындагы КМУ иштеп, канча деген муунду тарбиялады.

Комуз чертүүнүн чеберчилигин Кыргыз телевидениесинин балдар редакциясында алып чыгып, музыкалык эмес жөнөкөй эле № 5 мектептин окуучусу Назира Сатарова деген 5-класстын окуучусуна үйрөтүп, ар жума сайын сабак өтчү. Бул 1986-87-жылдар эле. Режиссер Ира Жекшенова теле экранга тарткан ар бир кадр даана, так чагылдырганы менен комузду үйрөтүү сабагы элге жетип турган.

Комуз аспабынын жасалышы, түзүлүшү, чертүүдө кандай отуруш керек, комузду кармоо, үч кылдын ноталык толгонушу, манжалар менен кылдарды басып ойноонун тартиби, кандай учурда үн таза, уккулуктуу чыгат, катуу ойнолгондо, акырын ойнолгондо үн басымдары, темптик өзгөчөлүктөрү, күүнүн мааниси, интонациялык, фразалык үйрөтүүлөр ж.б. тууралуу айтып, көрсөтүп берчү . Алибетте, Республикалык деңгээлде комузчулук өнөрдү таанып-билүүгө үйрөтүү Калыбек Жекшеновдун өзүнүн билиминин тереңдиги, М. Күрөңкеев атындагы музыкалык училищада, Б. Бейшеналиева атындагы искусство институтунда окуганы, Т. Сатылганов атындагы филармонияда К. Орозов атындагы эл аспаптар оркестринде иштегени жана республикалык кароо, сынактарга катышып жүргөнү да себеп болду. Себеби, ар бир баскычты басып өтүү жолдору аркылуу комузга, күүгө болгон ынтызарлык, кесибин сүйгөндүк , элге комузду таанытып чыгуунун жолу - билим, тажрыйбанын жана педагогдук үйрөтүү сезимталдыгынан улам болду.

Күүлөрдүн нотасын түшүрүү ; шакирттерге нота аркылуу, түп нуска менен салыштырып, угуу сезимин өркүндөтүү ишинде эң ириде комуз күүлөрүнүн ноталык материалынын жетишсиздиги себепкер деп айтсак туура болот. Анткени комуз чертүүнү үйрөтүү үчүн окуу китептердин жоктугу, кийин Чалагыз Исабаевдин “Комуздун тандалма күүлөрү” (1987), Үркүнбаевдин “Комуз чертүү” ж.б. китептер параллелдүү 80жылдардын аягында бир убактарда чыккан. Окуучуларга үйрөтүп жатып, ойнолгон күүлөрдү нотага түшүрүп, нота боюнча балдарга үй тапшырмасын класста өтүлгөндөй кайталап келүүгө тапшырма берип, кийинки сабактарда кайрадан кайталатып ойнотуп, чыгарманын калган бөлүгүн андан ары өркүндөтүү – иштин, сабактын талабы болгон. Пластинкалардан, кассетага жазылган залкар күүлөрдүн үлгүлөрүн угуу аркылуу өзү да ноталык расшифровканын маанилүү, келечекте эң керектүү экендигин билип, экинчиден күүнү үйрөтүүдө бир нече вариантта окутууга мүмкүнчүлүк алган.

Биринчиден, сабакта балдарга тааныш эмес күүнүн мазмунун айтып берип, угузуу;
Экинчи, күүнүн нотага түшүрүлгөн үлгүсүндө үйрөтүү;
Үчүнчүдөн өзү чертип берип, көрсөтүү;

Төртүнчүдөн талдоо: салыштыруу, түп нусканы пайдалануу ж.б.
Мына ушундай жолдор менен сабак өтүү таасирдүү жана балдар өзү уккан күүнү нота менен ойноп, изденүү сезимдерин да ачып отурат.

Күүлөрдү нотага түшүрүү баарынын эле колунан келе бере турган оңой жумуш эмес. Мектепте балдардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша, же болбосо жогорку окуу жайларында педагогдордун окуу программасын туура тандоо; репертарды татаалдыктарына, чертүү жөндөмүнө жараша күүлөрдү үйрөтүү жана окуу программасына киргизүү усулдук жолдору келип чыккан.

К. Жекшеновдун эмгегинин үзүрү 1994-жылы М. Абдраев атындагы музыкалык мектепте "Акак" комузчулар ансамблин түзгөндөн улам элдин көзүнө урунду. Этно- педагогдук тажрыйбасын шакирти Ирина Сүйөркуловага үйрөтүп , биргелешип иш алып баруу аркылуу "Акак" ансамблиндеги балдарга чогуу, бир кишидей ойноо, программаны таза, уккулуктуу, көркөм алып чыгуу өзгөчөлүк сапаттары айрыкча роль ойнойт.

Музыкалык мектепте прима, альт комузунда окуган окуучуларды элдик нукура үч кылдуу комузду чертүүгө үйрөтүп, даяр болгон программаларын конкурс, фестивалдарда аткарышып, эл алдына чыкканда аткаруучулуктун дагы көп сырларын үйрөтүп, окуучулар, студенттер тажрыйба топтой алышты. Класста күү үйрөтүү башка. Ал эми элдин алдына чыгуу дагы башка талаптарды туудурат. Биринчиден, жоопкерчилик; экинчиден, балдардын турган турпаты, сценага чыгышы, комузду күүлөгөндөрү, күүнүн мазмунуна жараша оюн топтоо, артисттик чеберчилик. И. Арабаев атындагы Университетте концерт, фестивалдарда көп жылдар бирге иштедик. Мен хорду дирижёрлоо жана үндү калыптандыруу кафедрасынын башчысы, Калыбек Жекшенов музыкалык аспаптар кафедрасынын башчысы болуп иш алып барган учурлар эле. "Студенттик жаз" конкурс-фестивалы эки жылда бир өтүп, хор менен мен, комузчулар ансамбли менен Калыбек чыккан . Ошондо мага элдик ыр "Селкинчектин" мелодиясын алып келиптир Калыбек. " Гүлбара, Сизге өтүнүч ушул чыгарманы өзүңүз башкарган студенттик хор менен алып чыксак. Хорго иштеп чыгып берсеңиз кандай-деп кайрылды. Мен төрт үнгө хор үчүн иштеп чыгып, "Селкинчекти" хорго үйрөтүп койдум. "Студенттик жаз" фестивалында конкурста хор жана комузчулар ансабли чогуу аткарып биринчи орунду алдык."Селкинчектин" хорго иштелген нотасы менин "Шыгыр чыгармалары" аттуу китебиме чыккан.

Калыбек Жекшенов балдарга ансамблдешип чогуу - синхрондуу ойноодон сырткары кээ бир татаал кайрыктарды комузчулардын дараметине жараша соло-жеке түрүндө чеберчилигин, артистизмин көрсөтүп, кээ бир жерде ансамблдешип ойноп, улап чертип, штрихтерин, динамикалык , агогикалык сапаттарын, техникалык, ж.б. көркөм боёкторун түзүү, гармониялык, фактуралык, добуштук кооздуктарын дааналап, кол ойнотуп кеткен учурларды да үйрөткөн. Залкарлардын кара күүлөрүн да чертип келишти. Ансамблде күүнү чертүү, үйрөтүүдө Ирина Сүйөркулованын да эмгеги зор. Экөө тең эмгекчил, улам жаңыча изденген комузчу - педагогдор.

М. Абдраев атындагы Республикалык музыкалык мектеп-интернатта "Акак" комузчулар ансамбли уюшулган күндөн тарта Республикалык, Эл Аралык концерттерге, кароо-сынактарга катышып , рухий дөөлөт үч кылдуу кыргыз комузунун чертүүдө чексиз чеберчиликтерин таанытып келишүүдө. Атай Огонбаевдин " Ак тамак, көк тамак", "Маш ботой", " К. Орозовдун "Ибарат", Ы. Тумановдун "Жеңиш", Н. Борошевдин "Кара өзгөй", "Кер толгоо", Ш. Шеркуловдун ж.б. күүлөрүн чертип келишет. Дагы бир мисал, комуз күүлөрүн алып чыгууда "Салтанат шыңгырама" күүгө репертуарына көп үндүүлүк

өзгөчөлүктү сактап, фортепианонун коштоосунда Президенттик концертке алып чыккан. Т. Сатылганов атындагы Улуттук филармониянын чоң залында салтанаттуу концерттерге активдүү катышуу менен, К. Орозов атындагы академиялык эл аспаптар оркестри, А. Жумакматов атындагы академиялык симфониялык оркестри менен кошо концерттерге ар дайым катышып келишет.”Акак” комузчулар ансамблинин өнөрү менен Америка, Дания, Польша, Россия, Түркия, Франция, шериктеш мамлекеттерде жогорку деңгээлдеги концерттерге катышып келишет.

Калыбек Жекшенов комуз, кыргыз күүлөрүн таанытууда И. Арабаев атындагы Мамлекеттик Педагогикалык Университетте эң алгачкы лардан болуп комуз классын киргизген. Калыбек Жекшеновдун сунушу боюнча Университеттин ректору Рахат Ачыловна колдоп, мына ушул кезге чейин комуз кадимкидей сабак катары өтүлөт. Университетти бүтүргөн студенттер мектептерде сабак берип, комуз черткенди, комуз күүлөрүн нота менен үйрөтүү жолдорун колдонуп келишет.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Балбай Алагушев “ Кыргыз музыкасы “ –Энциклопедия.”Бийиктик” – 2007.
2. Камчыбек Дүйшалиев “Кыргыз эл музыкасы” окуу китеби. Бишкек “Шам”2007.
3. Жамила Маматова “Улуу музыкалык мурас жолун билүү”. Искусство таануу илимдеринин доктору доктору Камчыбек Дүйшалиев . Бишкек “Принт Экспресс”. 2014. 320 бет.

УДК:37.032:372.878:781.7
DOI 10.33514/1694-7851-2022-2-291-296

**Мамытова Айзат Жумагазиевна**
И. Арабаев атындагы КМУ, музыка кафедрасы, окутуучу
**Мамытова Айзат Жумагазиевна**
КГУ им. И. Арабаева, кафедра музыки, преподаватель
**Mamytova Aizat Zhumagazievna**
KSU I. Arabaev, Department of Music, teacher

## ЭСТЕТИКАЛЫК ТАРБИЯ БЕРҮҮДӨ МУЗЫКА САБАГЫНЫН ЖАНА ЭЛДИК ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЧЫЛЫКТЫН ТААСИРИ
## ВЛИЯНИЕ УСТНОГО НАРОДНОГО ТВОРЧЕСТВА В РАЗВИТИИ ЭСТЕТИЧЕСКОГО ВОСПИТАНИЯ У ДЕТЕЙ НА ЗАНЯТИИ МУЗЫКИ
## INFLUENCE OF MUSIC LESSONS AND ORAL FOLK ART IN AESTHETIC EDUCATION

**Аннотация:** макалада балдарга эстетикалык тарбия берүүдө музыка сабагынын мааниси, орду өзгөчө экендиги көрсөтүлөт. Ошону менен катар элдик-оозеки чыгармачылык менен музыка сабагы окуучулардын кабылдоосун, сезимин ойготуп, ички дүйнөсүн кеңейтип, ой жүгүртүүсүн байытуу менен бирге, адеп ахлакка, ыймanga тарбиялоосу аркылуу өзгөчөлөнгөндүгү баса белгиленетю